КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»

«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к.р. Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

# «АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН

# № 4 ПРОТОКОЛУ

Жыйындын убактысы: 29.11.2018

Катышуучулар:

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, пед.и.к., доцент Санжарбек Эрдолатов;

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орунбасары, пед.и.д., профессор Жангороз Каниметов;

Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент Кундуз Жузупекова;

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 18

**Каралуучу маселе**:

1. Орто кесиптик билим берүүнүн ишмердүүлүгү
   *(Орто кесиптик билим берүүнүн директору Гулнур Жайнакова, ОСБД Директору Талант Асан уулу);*
2. Тил институтунун ишмердүүлүгү
   *(Тил институтунун директору Тинатин Жакшылыкова, ОСБД башкы адиси Гулнур Жайнакова);*
3. Кышкы сессия өткөрүү процессин бекитүү
   *(Окуу жана сапатты башкаруу департаменти);*
4. Университеттеги программалардын лицензияларын кайра кароо маселеси;
   *(Университеттин окуу иштери боюнча проректору Жангороз Каниметов, ОСБД башкы адиси Гулнур Жайнакова)*
5. Студенттердин жана магистрант, аспиранттардын, дистанттык окуу контракттык окуу төлөмдөрүнүн жеңилдиктерин кайра кароо жана бекитүү
   *(Университеттин ректору, окуу иштери боюнча проректор Жангороз Каниметов, проректор Халил Коч);*
6. Мотивациялык фонд түзүү;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»

«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek md Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

(*Окуу иштери боюнча проректор Жангороз Каниметов, проректор Халил Коч, К.Жузупекова*)

7. Ар түрдүү маселелер.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Биринчи маселе боюнча, Орто кесиптик билим берүүнүн директору Гулнур Жайнакова баяндама жасап, жалпы ишмердүүлүгү тууралуу кабарлады. Орто кесиптик билим берүү бөлүмү акредитацияга даярданып жаткандыгын, документтер жана ага карата иш-чаралар даяр болуп калгандыгын айтып, айрым документтер менен Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн тааныштырып өттү. Ошону менен катар акредитациянын талабы болгон ОКББнүн Стратегиялык планы менен таанышып, бекитип берүү жагын суранды. ОСБДнын директору Талант Асан уулу Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндөгү жүргүзүлгөн мониторинг менен тааныштырды.

Экинчи маселе боюнча, Тил институтунун ишмердүүлүгү директору Типатин Жакшылыкова институттун ишмердүүлүгү тууралуу жалпы Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн тааныштырып чыкты. Жалпы Тил институтундагы болуп жаткан акыбалды айтып келип, университеттеги англис тилинин денгээлине басым жасоо талап экендигин билдирди. Даярдоо курсундагы англис тил үйрөнүп жаткан студенттери ошону менен катар факультеттердеги сабак берип жаткан окутуучулуардын англис тили билим деңгээлинин үстүндө иштөө, аттестация өткөрүүнү сунуштады. ОСБДнын Башкы адиси Гулнур Жайнакова Тил институтунда жүргүзүлгөн мониторинг менен жалпы тааныштырып өттү.

Үчүнчү маселе боюнча, университеттин ОСБД директору Талант Асан уулу билдирүү жасап, кышкы сессия өткөрүү процессин бекитүү ишмердүүлүгүндө айрым кабыл алууга зарыл болгон маселелерди айтып өттү. Бул маселе боюнча декандар өз пикирлерин билдиришип, Академиялык карыздарды кыскартуу максатында АЭУнун Окутуунун кредиттик технологиясы (ECTS) боюнча окуу процессин уюштуруу тууралуу Жобонун (2017-ж. 7-июнунда бекитилген) негизинде. бакалавр багытындагы 3-4-

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»**

**«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY**

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

курстардын бардык программаларынын студентерине кышкы сессия уюштурууну сунуштады.

Төртүнчү маселе боюнча, ОСБД нин башкы адиси Гулнур Жайнакова университеттеги билим берүү программаларынын лицензиялары боюнча маалымат берип, Жаңы программаларга лицензия алуу үчүн лицензиялык талаптардын негизинде айрым программалардагы (Менеджмент- дистанттык окутуу, Педиатрия, Экономика – бакалавр, Журналистика- бакалавр, Укуктаануу - ОКББ) студенттердин санын кыскартуу талапка ылайык экендигин айтып өтүштү. Мунун менен катар жаңы ачуу керек болгон адистиктерди санап өттү.

Бешинчи маселе боюнча Ректор С.Эрдолатов жана Окуу иштери боюнча проректор билдирүү жасап, Илим департаменти, Дистанттык окутуу борбору жана маркетинг борбору тарабынан иштелип чыккан Студенттердин жана магистрант, аспиранттардын контракттык төлөмдөрүнүн жеңилдиктерин бекитип берүүнү сунуш кылды.

Алтынчы маселе боюнча, окуу иштери боюнча проректор Ж. Каниметов баяндама жасап, окуу проессиндеги ишмердүүлүктү өнүктүрүү жана окутуучуларды шыктандыруу максатында Мотивациялык фонд түзүүнүн зарылдыгын белгиледи.

Жетинчи маселе боюнча, университеттин илим иштери боюнча проректору С.калдыбаев 2017-2018-окуу жылында кабыл алынган магистрант жана аспиранттардын илимий тема жана илимий жетекчилерин бекитип берүүнү сунуштады.

**Күн тартибинде коюлган маселелер талкууланып, Ала-Тоо эл аралык университетинин Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Орто кесиптик билим берүүнүн ишмердүүлүгү боюнча:
   - Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндөгү окутуучулардын штаттык курамын, нормативдик укуктук талаптар боюнча - 80% жеткирүү каралсын;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»

«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

3. **Кышкы сессия өткөрүү процессин бекитүү боюнча:**

- Академиялык карыздарды кыскартуу максатында АЭУнин Окутуунун кредиттик технологиясы (ECTS) боюнча окуу процессин уюштуруу тууралуу Жобонун (2017-ж. 7-июнунда бекитилген) негизинде, бакалавр багытындагы 3-4-курстардын бардык программаларынын студентерине уюштурулсун;
  - Мөөнөтү 2018-ж. 02-14 январьга чейин бакалавр багытындагы 3-4-курстардын сессияны өз учурунда тапшыра албай калган студенттерине, кышкы сессияны өткөрүү жана акы төлөө бекитилсин, чыгымдары кызыктар тарапка жүктөлсүн (тиркеме 1);
  - 3-4-курстардын студенттерине, калтырган сабактарына регистрация болгон, максималдуу 15 кредитке чейин тапшыруу мүмкүчүлүгү берилсин;
  - Кышкы сессияны уюштуруу декандарга, кафедра башчыларына, студенттик бөлүмгө жана ITs бөлүмүнүн башчасына жүктөлсүн;
  - Жалпы көзөмөл окуу жана сапатты башкаруу департаменттин директору Т.Асан уулуга жүктөлсүн.

4. Университеттеги программалардын лицензияларын кайра кароо боюнча Тиркеме № 1 бекитилсин;
5. Студенттердин жана магистрант, аспиранттардын контракттык төлөмдөрүнүн женилдиктери бекитилсин (Тиркеме № 2).
6. **Мотивациялык фонд түзүү боюнча:**

- 2018-2019-окуу жылынын жыйынтыгы менен «Профессионалдык кесипке артыкчылык берүүдө» окутуунун сапатын көтөрүү максатында Мотивация фондусу 2 (эки) млн. сом өлчөмүндө түзүлсүн;
- «Профессионалдык кесипке артыкчылык берүүдө» проессордук-окутуучулук курамдын рейтингинин Жобосу жана Рейтинг системасы бекитилсин (Тиркеме 3);
- Окуу процессинде профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн жыйынтыктоо эки этап менен (январь-июнь) айларында өткөрүлүп, жыйынтыгы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»

«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Түнгүч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

июнь айында чыгаруу Инновация комиссиясына, Кундуз Жузупековага милдеттендирилсин;

- Жалпы көзөмөл Окуу иштери боюнча проректор Ж.Каниметовго жүктөлсүн;
- Мотивация фондусуна финансы каражаттар менен камсыз кылуу университеттин ректору С.Эрдолатовго жана проректор Халил Кочко жүктөлсүн.

7. 2018-2019-окуу жылында тапшырган магистранттардын илимий темалары жана илимий жетекчилери бекитилсин (Тиркеме № 4)

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, п.и.к., доцент** **Санжарбек Эрдолатов**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орунбасары, пед.и.д., профессор** **Жангороз Каниметов**

**Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент** **Кундуз Жузупекова**